КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж. № 60 Бишкек ш.

**И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 14.20.625 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2020-жылдын 7-декабрындагы № 49 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 398 токтомунун (№ 6д/к-4/18 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 14.20.625 диссертациялык кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2020-жылдын 7-декабрындагы № 49 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. 14.01.23 – урология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча диссертациялык кеңештин мүчөсү м.и.д., проф. Хусаинов Темирлан Эркенович мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу диссертациялык кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук фтизиатрия борборунун хирургия бөлүмүнүн жетектөөчү илимий кызматкери м.и.д. Муканбаев Касымбек 14.01.23 – урология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен диссертациялык кеңешинин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**